**Ош мамлекеттик университетинин студенттеринин окуу-таанышуу, өндүрүштүк жана квалификациялык практикадан өткөрүү боюнча**

# К Е Л И Ш И М

Ош шаары "18" ноябрь 2019 ж.

Биз, төмөндөгү кол коючулар, Ош мамлекеттик университетинин ректору, доцент Г. К. Кожобеков мындан ары "ОшМУ", жана Ош облусту жерге жайгаштыруу боюнча мамлекеттик ишкана жетекчиси Толонов Я. М

Мындан ары "Ишкана", Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 05.08.2008-ж. № 425 токтомуна ылайык "Окуу-таанышуу, өндүрүштүк жана квалификациялык практикалар жөнүндө" жобосунун негизинде ОшМУда практикаларды уюштуруу жана өткөрүү боюнча талаптарга ылайык төмөндөгү келишимди түздү.

**1. "ОшМУ" милдеттенет:**

1.1. Жалпы практикалардын түрлөрүн өткөрүүнүн жумушчу программаларын алдын ала өндүрүшкө сунуштайт жана күндөлүгү менен камсыздайт;

1.2. Адистештирилген кафедрадан практика жетекчисин дайындайт;

1.3. Мыйзам чегинде каралган, ОшМУнун нормативдик документтерине туура келген тартипте өндүрүштөгү практика жетекчилеринин эмгек акыларын вакансиядагы сааттар аркылуу төлөйт;

1.4. Практиканын багыт берүүчү жана жыйынтыктоочу конференцияларын өткөрөт;

1.5. Студенттерди адистике калыптандыруу менен илимий усулдук жана семинарларды өндүрүш менен биргеликте уюштуруп өткөрөт.

**2. "Ишкана" милдеттери:**

2.1. ОшМУнун Табият таануу жана география факультетинин жана колледжинин "геодезия" жана "колдонмо геодезия" адистиктеринин студенттерине практикадан өтүү үчүн календардлык планга ылайык 6 орун берет;

2.2. Студенттер үчүн эмгек коопсуздугу боюнча инструктаж өткөрөт;

2.3. Практиканын программасына ылайык студентти керектүү документация менен таанышуусуна уруксат берет;

2.4. ОшМУнун Табият таануу жана география факультетинин жана колледжинин "геодезия" жана "колдонмо геодезия" адистиктеринин студенттерине өндүрүштүк мекеме ишканалар, ишмердүүлүгү боюнча иш планадары менен тааныштырат жана практикаларын жетектөө үчүн жетиштүү даражадагы адистерди дайындайт;

2.5. Студенттерге өндүрүштүк мекеме ишканалар, ишмердүүлүгү боюнча иш пландары менен тааныштырат жана практикаларын жетектөө үчүн жетиштүү даражадагы адистерди дайындайт;

2.6. Эгерде студент практика мезгилинде акы төлөнүүчү жумуш ордуна кызматка же стажерлукка кабыл алынса, ага ишканада колдонулуучу жалпы эмгек мыйзамдарын, эмгекте коргоонун жана ички эмгек тартибин сактоонун эрежелерин, алар менен белгилүү тартипте таанышкандан кийин колдоно алат;

2.7. Окуу, өндүрүштүк практиканын аягында ар бир студентин аткарган жумушуна жана ал даярдаган отчетунун негизинде мүнөздөмө берет.

2.8. Өндүрүш студенттердин практикасынын сапаттуу жүрүшү боюнча сунуш пикирлерин окуу жайга билдирет.

**3. Тараптардын келишимди аткаруудагы жоопкерчилиги:**

3.1. Тараптар КРнын эмгек мыйзамдарынын негизинде практиканы өткөрүү боюнча коюлган милдеттерди аткарууга жооптуу;

3.2. Тараптардын ортосундагы келишим боюнча талаштар мыйзам чегинде чечилет;

3.3. Келишим биринчи тараптан "ОшМУ" экинчи тараптан "Ишкана" кол койгондон кийин өз күчүнө кирет;

3.4. Келишим мөөнөтү 2019-жылдын 11 2024-жылга чейин;

3.5. Келишим эки нускада түзүлөт, бири "ОшМУда" экинчиси "Ишканада" сакталат.

Ош мамлекеттик университети
723510 Ош шаары Ленин көч.331
ИНН 0207199610017
**ОшМУнун ректору,**
**доцент К. Г. Кожобеков**

Тараптардын дареги
Ош облустук жерге жайгаштыруу б-га мам. ин
ИНН 03010200210123
Ош ул. Раззакова 15а
Ректор Таланов Я.